**Токтобекова А.О.,**
*Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлигинин алдындагы Педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо республикалык институту*

# КОММУНИКАТИВДИК КӨНДҮМДӨРДҮ КАЛЫПТАНДЫРУУГА БАГЫТТАЛГАН ЫКМАЛАРДЫН ТААСИРИН АНАЛИЗДӨӨ
## (5-7-класстардын мисалында)

***Токтобекова А.О.***
*Республиканский институт повышения квалификации и переподготовки педагогических работников при Министерстве просвещения Кыргызской Республики*

# АНАЛИЗ ВЛИЯНИЯ МЕТОДОВ, НАПРАВЛЕННЫХ НА ФОРМИРОВАНИЕ КОММУНИКАТИВНЫХ НАВЫКОВ
## (на примере 5–7 классов)

***Toktobekova A.O.***
*Republican Institute for Advanced Training and Retraining of Teachers under the Ministry of Education of the Kyrgyz Republic*

# ANALYSIS OF THE IMPACT OF METHODS AIMED AT FORMING COMMUNICATIVE SKILLS (On the Example of Grades 5–7)

**Аннотация.** Азыркы билим берүү шартында окуучулардын коммуникативдик көндүмдөрүн өнүктүрүү алардын инсандык жактан калыптанышынын жана социалдык адаптациясынын маанилүү көрсөткүчтөрүнүн бири болуп саналат. Айрыкча 12 жылдык билим берүү системасына өтүү шартында окуучулардын өз оюн так, жүйөлүү билдирүү, баарлашуу маданиятын сактоо, пикир алмашуу жана кызматташуу жөндөмдөрүн өнүктүрүү актуалдуу маселеге айланууда. Бул макалада кыргыз тили жана кыргыз адабияты сабактарында коммуникативдик көндүмдөрдү калыптандырууга багытталган окутуу ыкмаларынын натыйжалуулугу талдоого алынат. Изилдөө Чүй облусунун Жайыл районундагы К. Дербишев атындагы Талды-Булак жалпы билим берүү мектебинин 5–7-класстарынын мисалында жүргүзүлүп, сабактарда колдонулган интерактивдүү, диалогдук жана кызматташтыкка негизделген усулдардын окуучулардын сүйлөө, угуу, окуу жана жазуу көндүмдөрүнө тийгизген таасири каралат. Ошондой эле колдонулган ыкмалардын артыкчылыктары жана кыйынчылыктары аныкталып, коммуникативдик компетенттүүлүктү өнүктүрүү боюнча практикалык сунуштар берилет.
***Түйүндүү сөздөр:*** *коммуникативдик көндүмдөр, коммуникативдик компетенттүүлүк, кыргыз тили, кыргыз адабияты, 12 жылдык билим берүү, интерактивдүү окутуу, диалогдук окутуу, функционалдык сабаттуулук, окутуу ыкмалары.*
**Аннотация.** В современных условиях образования развитие коммуникативных навыков учащихся является одним из важнейших показателей их личностного становления и успешной социальной адаптации. В условиях перехода к 12-летней системе обучения особую актуальность приобретает формирование у школьников способности ясно и аргументированно выражать свои мысли, соблюдать культуру общения, вести диалог и эффективно взаимодействовать с окружающими. В статье анализируется эффективность методов обучения, направленных на развитие коммуникативных навыков на уроках кыргызского языка и кыргызской литературы. Исследование проведено на примере учащихся 5–7 классов Талды-Булакской средней школы имени К. Дербишева Жайылского района Чуйской области. Рассматривается влияние интерактивных, диалогических и кооперативных методов обучения на развитие навыков говорения, слушания, чтения и письма учащихся. Кроме того, выявлены преимущества и трудности применения данных методов, а также предложены практические рекомендации по развитию коммуникативной компетентности школьников.
***Ключевые слова:*** *коммуникативные навыки, коммуникативная компетентность, кыргызский язык, кыргызская литература, 12-летнее образование, интерактивное обучение, диалогическое обучение, функциональная грамотность, методы обучения.*
**Abstract.** In contemporary education, the development of students’ communicative skills is considered one of the key indicators of personal growth and successful social adaptation. Within the framework of the transition to a 12-year education system, particular importance is attached to fostering students’ ability to express their ideas clearly and logically, maintain a culture of communication, engage in dialogue, and collaborate effectively with others. This article analyzes the effectiveness of teaching approaches aimed at developing communicative skills in Kyrgyz language and Kyrgyz literature classes. The study was conducted among students of grades 5–7 at K. Derbishev Secondary School in Taldy-Bulak village, Jayyl District, Chuy Region. The impact of interactive, dialogic, and cooperative teaching methods on the development of speaking, listening, reading, and writing skills is examined. Furthermore, the advantages and challenges of implementing these approaches are identified, and practical recommendations for enhancing students’ communicative competence are proposed.
***Keywords:*** *communicative skills, communicative competence, Kyrgyz language, Kyrgyz literature, 12-year education, interactive learning, dialogic teaching, functional literacy, teaching methods.*

*Киришүү.* Бул макалада 12 жылдык билим берүү системасынын алкагында түзүлгөн кыргыз тилинин жана кыргыз адабиятынын предметтик стандарттарынын негизинде каралган

 DOI:10.34855/elagartuu2026.4-5


компетенттүүлүктөр 5-6-7-класстардын окуучуларынын (2024-2026-жылдар аралыгы) коммуникативдик көндүмдөрүн калыптандырууга багытталган ар кандай ыкмалардын колдонулганы жана ошол ыкмалардын кайсылары мектеп окуучуларына кеп өстүрүүдө оң же терс натыйжа бергени тууралуу сөз болмокчу.

Макалада окуучулардын кыргыз тили жана кыргыз адабияты сабагынан коммуникативдик көндүмдөрүн өнүктүрүү максатында колдонулуп апробацияланган 3 материалдын иштелмелери берилди. Биринчи материал – 7-класстар үчүн кыргыз адабияты сабагын кыргыздын эски тасмаларын көрүү менен комбинациялоо. Экинчи материал – 6-класстар үчүн кыргыз тили сабагынан грамматиканы сынчыл ойломго багытталган ролдук оюндар менен комбинациялоо. Үчүнчү материал – 5-класстар үчүн кыргыз адабияты сабагынан “класстан тышкаркы окуу” темасынын алкагында ата-энелер менен биргелешип кыргыз адабиятынын программасында жок чыгармалардан окуу.

Тагыраагы, макалада колдонулган ыкмалардын таасири талданат жана анын натыйжаларынын алкагында сунушталат.

**Изилдөөнүн максаты -** коммуникативдик көндүмдөрдү калыптандырууга багытталган ыкмаларды кыргыз тили жана кыргыз адабияты сабагынан 5, 6 жана 7-класстарга практика жүзүндө ишке ашыруу жана алынган жыйынтыктарынын оң, терс натыйжаларын анализдөө менен колдонулган ыкмаларды сунуштоо.

**Изилдөөнүн методдору:** Изилдөөнүн методу 2 чоң топтон турду. Алар эң биринчи эмпирикалык (практикалык) метод болсо, андан кийин ошол методдун негизинде теориялык метод ишке ашты. Эмпирикалык (практикалык) методдо: мектеп документтерин үйрөнүү, педагогикалык байкоо, педагогикалык эксперимент, анкеталык сурамжылоо, оозеки жана жазуу түрүндө анонимдүү сурамжылоо, ачык жана жашыруун видео-байкоо методу колдонулса; теориялык методдо: анализ жана синтез, моделдештирүү методу колдонулду.

**Коммуникативдик компетенттүүлүк жана көндүм.** Педагогикалык жана лингвистикалык илимдерде коммуникативдик компетенттүүлүк түшүнүгү кеңири изилденгени жана бул түшүнүктү илимий негизде алгачкылардан болуп америкалык лингвист Д. Хаймс болуп эсептелинери айтылат [1, 8-б.]. Коммуникативдик компетенттүүлүк жалпы түшүнүк болсо, ал эми коммуникативдик көндүм ошол негизги түшүнүктүн ичинде камтылган бир бөлүгү десек болот. Айталы, окуучу сабак учурунда маектешинин пикирин сыйлоо менен аны кунт коюп уга билүү, ырааттуу сүйлөө, туура окуу жана катасыз жазуу сыяктуу негизги кайталанма процессти аткаруу менен коммуникативдик көндүмдөрүн өнүктүрө алса, анда ал жашоодогу ар кандай кырдаалга ошол коммуникативдик көндүмүн, жалпы билимин, баалуулуктарын туура пайдалана алганынан анын коммуникативдик компетенттүүлүгүнүн мыкты калыптанганын билсек болот.

Кыргыз изилдөөчүлөрү коммуникативдик компетенттүүлүк азыркы учурда заманбап билим берүүнүн бир бөлүгү болуп калганын, анткени азыркы билим берүү окуучунун гуманитардык маданиятын көтөрүүгө, анын чыгармачыл, дүйнө таанымдык жана жүрүм-турумдук сапатын калыптандырууга көбүрөөк басым жасаларын айтышкан [2, 14-б.]. Тактап айтканда, учурдун билим алуучу өкүлдөрү сабакта алган билимин жашоо-турмушунда пайдаланып кете ала тургандай болушу жана сабактын структурасы ошого жараша түзүлүшү абзел.

Классты ийгиликтүү башкара билүүсү үчүн мугалим өзү дагы коммуникативдик компетенттүүлүккө ээ болуусу керектигин түрк изилдөөчүсү Мүжахит Дурсун белгилеп кеткен [3, 229-б.]. Классты алдыга сүйрөп, багыт берүүчү дирижер - бул мугалим болгондуктан, албетте, коммуникативдик компетенттүүлүк эң башта мугалим үчүн негизги роль ойнору айкын.

**Негизги мазмуну.** Негизги бөлүктө Чүй облусуна караштуу Жайыл районунун К. Дербишев атындагы Талды-Булак жалпы билим берүү мектебинин 5-6-7-класстарында 2024-2026-жылдар аралыгында апробацияланган ыкмалар сунушталат. Анда окуучулардын коммуникативдик көндүмдөрүн калыптандырууга кайсы ыкмалар жардам берди? Ошол ыкманын таасиринде өнүгүү болдубу? Же тескерисинче, оңунан чыккан жокпу, андай болсо эмнеге деген суроолордун негизинде талданат.

2024-жылы сентябрь айында мектепке жаңы келип иштеп баштаган иш тажрыйбабызда окуучулардын дээрлик көпчүлүгүнүн кыргыз тили жана кыргыз адабияты сабагынан өзүнүн ой-пикирин эркин билдире албастыгын, сүйлөөдө уяла тургандыгын, жазууда сынчыл ойлом жоктугун ж.б.у.с. коммуникативдик көндүмдөрүнүн начардыгы байкалды. Мунун себебин так билүү үчүн

оозеки жана жазуу түрүндө анонимдүү сурамжылоолорду алдык. Натыйжада көпчүлүк окуучулар өз ойлорун айтууда жанындагы классташтарынан тартынып, уяларын билдиришкен. Андан сырткары эгер туура эмес, ката сүйлөп же жазып алса классташтарыбыз шылдыңдашат жана мугалим төмөн баа коёт деген пикирлерин билдиришкен. Анан ошол эле ар бир класста 5-класс болобу, же 6-класс, же 7-класс болобу, айтор, башталгыч класстан бери сиңип калган типтүү көрүнүш бар эле. Анда ар бир класста 3-4 отличник окуучу болот жана ал окуучулар пассивдүү окуучуларды сүйлөтпөстөн, өздөрү эле бардык тапшырмага жооп кайтарып турушкан.

Биздин максат кандай гана болбосун сабакта ар кандай ыкмаларды колдонуу менен пассивдүү окуучуларды активдүү окуучулардын катарына кошуп, жалпы окуучулардын коммуникативдик көндүмдөрүн калыптандыруу болду.

Жалпы класста байкалган бир чоң маселенин себебинен улам түрдүү ыкмаларды колдонуп жаттык. Биринчи кезектеги максат окуучуларды сүйлөтүү болду. Мисалы, окуучу сүйлөмдү ырааттуу түзө албайт, аргумент, далил келтире албайт, бирок кичинеден болсо дагы өз оюн айтып баштайт. Биз бул учурда окуучуларга диагностикалык жана формативдик баалоо жүргүзүп, анын ар бир ийгилигине комментарий берип, окуучунун мотивациясын жогорулаткан колдоо сөздөр менен кубаттап турдук. Ал эми ката кетиргени үчүн окуучуларды басынтып же үнүбүздү бийик чыгарган жокпуз. Пассивдүү окуучуну активдүү окуучу менен салыштырбастан, аны мурунку өзүнө гана салыштырып жаттык. Мисалы: “Сен буга чейин мындай элең, азыр мындай ийгиликке жетиштиң. Ушундай аракет кыла берсең, дагы көп ийгиликтер болот”, - деген сыяктуу. Бирок чейректик баалары үчүн суммативдик баалоону калтырдык.

Суммативдик баалоо жүргүзүүдө окуучулардын коммуникативдик көндүмдөрүнүн калыптанышына эч кандай таасирин тийгизбегени байкалып жатты. Пассивдүү окуучуларды активдүү окуучулардын арасына кошууда мыкты (отличник) окуучулардан мугалимге карата ар кандай түшүнбөстүктөр болуп жатты. Мисалы: “Эмнеге пассивдүү окуучулар туура эмес жооп берсе деле сүйлөшүү керек? Биз гана сүйлөшүбүз керек, анткени биз отличникпиз”, - деген мамиле, жадагалса мугалимге карата жек көрүү сезимдери дагы байкалып жатты. Эгер пассивдүү окуучулар туура эмес жооп берсе, анда класста алардын үстүнөн күлүп, шылдыңдап баштаганда биз тескерисинче, ошол жооп берип жаткан окуучуну кубаттап, ийгилигин мактап койсок, класстын ичиндеги күлкү токтоп калып жатты жана активдүү окуучулар бул мамилеге таң калганы байкалды.

Ошентип, түрдүү ыкмаларды колдонуу менен эч эле сүйлөбөгөн окуучуларды туура эмес болсо дагы сүйлөтүүгө өттүк. Жооп берип жатканда, бир канча эрежени кармандык. Алар: “Ар бир айтылган ой баалуу, ошондуктан ар бирибиз айтылган ойду кунт коюп угуп, ойго карата урмат-сый мамиле кылышыбыз керек. Ката кетирүүдөн коркпойм, катадан сабак алам” деген эрежелерибиз болду. Бара-бара ыраттуу сүйлөөгө жана жазууга көңүл бура баштадык. Ар бир ойго аргумент келтирип, далилдер менен бекемдөөгө басым жасадык.

Төмөндө окуучулардын коммуникативдик көндүмдөрүн өнүктүрүүдө кандай ыкмалар колдонулганы мисалдар менен берилет.

**1-мисал:** 2025-окуу жылынын башында (сентябрь айында) 7-класстарга кыргыз адабияты сабагынан “Кожожаш” эпосу өтүлүп баштагандыктан, кошумча тапшырма катары “Ак илбирстин тукуму” (Кожожаш) тасмасын дагы көрүп келүү тапшырмасын бердик.

Учурдагы альфа мууну “Кыргыз керемети” деп аталган кыргыздын эски тасмаларын көрүп келет деген ыктымалдуулук өтө аз эле. Себеби азыркы окуучулар кыргыз кереметинен дээрлик кабары жок жана кызыгуулары дагы өтө аз. Кошумча тапшырма берилгендин кийинки күнү класстын ичинен 3 окуучу белгилүү себептерден улам көрбөй калганын билдирсе, калган 15 окуучу тасманы көрүп келген. Максат – тасма аркылуу улуттун ар түрдүү социалдык маселелерин, маданиятын, салт-санаасын талкуулоо аркылуу окуучулардын коммуникативдик көндүмдөрүн калыптандыруу эле. Биринчи тажрыйбада окуучулар жуптук талкуу, топтук талкуу, андан кийин жекелик талкуу болуп (мугалим менен жеке окуучунун ортосунда), сынчыл ойлом аркылуу өздөрүнүн ой-пикирлери менен бөлүшүштү.

Бул ыкманы колдонуу окуучулардын кызыгууларын арттырып, кийинки сабактарда дагы ушул ыкмаларды колдонууну окуучулар өздөрү сунушташты. Ошентип, 2025-жылдын сентябрь айынан тарта 2026-жылдын январь айына чейин 7-класстар кыргыз адабияты сабагынан кошумча тапшырма катары жалпы 11 тасма көрүп чыгышты. Алар:

1. “Ак илбирстин тукуму” (Кожожаш)

DOI:10.34855/elagartuu2026.4-5

2. “Отко таазим” (Уркуя)
3. “Бакайдын жайыты”
4. “Эрте келген турналар”
5. “Ак кеме”
6. “Курманжан Датка”
7. “Үркүн”
8. “Мезгил жана Алыкул”
9. “Саманчынын жолу”
10. “Биринчи мугалим”
11. “Кызыл алма”

Ар бир тасма көрүлгөндөн кийин окуучулар тарабынан тасмага карата топтук презентациялар жасалып, дебат оюндары дагы ойнолуп, мугалим жана окуучулар менен биргеликте ар кандай суроолордун негизинде кызуу талкууланып жатты. Тасмаларды толук көрүп бүткөндөн кийин январь айында 7-класстар менен жыйынтыктоочу иш-чара катары кыргыз адабиятынан “Табият жана тасма” темасына багытталган предметтен тышкаркы отчеттук иш өткөрдүк. Эмне үчүн табият темасына өзгөчө көңүл бурулду? Себеби учурдун орчундуу маселесине айланып жаткан экологияга окуучуларды кайдыгер карабасын деген максат коюлду. Отчеттук иш “Чырпык Баттл” аталышында квиз (англисчеден quiz) форматындагы оюн болду. Оюнга жалпы 7-класстын окуучулары катышып, алар 2 топко бөлүнүп өз күчтөрүн сынашты.

Оюндун шарты боюнча экрандан чыккан суроолорго 2 топ өз-өзүнчө баракка жоопторду жазып, калыстар тобунун мүчөлөрүнө тапшырып турушат. Катышуучу 2 топ тең толук жооп жазгандан кийин экрандан суроонун туура жообу көрсөтүлөт жана окуучулар бул жерден өздөрүн өздөрү баалай алышат. Ошол эле учурда калыстар тобу дагы упайларды эсептеп жазышат. Бул жердеги оюндун шартындагы айырмачылык – окуучулар сыртка үн чыгарбай, өз ара топтун ичинде баарлашышат дагы бир бүтүмгө келген ойду жооп катары баракка жазып, калыстар тобуна тапшырышат. Эгер окуучулар кокус үнүн чыгарып жоопторду айтып алышса, анда жанындагы каршы тарапка билген жообун айтып алуу ыктымалдуулугу бар. Бул ыкма окуучулардын сабырдуулугун, кылдаттыгын жана жоопкерчиликтүүлүгүн көзөмөлдөйт.

Оюн 6 категориядан туруп, ар кандай тапшырмалар берилди. 1-категория – “ребус” (сүрөттөр аркылуу жоопторду табуу), башкача айтканда, тасмалардын аталышы сүрөттөрдө катылган болот жана аны окуучулар табышат. 2-категория – “табият жана тасма”, мында көрүлгөн тасмалардагы табиятка, жаратылыш, экологияга карата суроолор берилди. 3-категория – “тасмада кайсы каарман жетишпейт”, мында ар бир тасмадан бирден каармандын сүрөтү коюлуп, жанына ошол каарманды кайсы каарман толуктарын суроо белгиси аркылуу табышат. 4-категория – “тасмалардан аралаш суроолор”, мында көрүлгөн тасмалар боюнча жалпы жана жеке аралаш суроолор берилди. 5-категория – “тасмалардан үзүндү” аттуу категория болду. Тагыраагы, тасмалардан кыскача эпизоддор окуучуларга аудио форматында угузулат. Окуучулар кайсы тасмадан сөз болуп жатканын же кайсы тасма экенин табышат. Ал эми акыркы 6-категория – “үйгө тапшырма” болду. Мында ар бир топко көрүлгөн тасмалардан бирден үзүндү алып, окуучулар өздөрү тасма кылып жаратып келүү тапшырмасын бердик. 1-топ 4 тасмадан үзүндү, башкача айтканда, 4 башка тасма жаратып келишсе, 2-топ 2 тасмадан үзүндү, тагыраагы, 2 башка тасма жаратып келишкен.

Бул жерде белгилей кетүүчү жагдай, окуучулар биринчи жолу өздөрү тасма жаратып көрүшкөнүндө болду. Э.Р. аттуу окуучу тасма жаратуу процессинде классташтарынын келечектеги кайсы кесиптин ээси болорун түшүнүп алышкандарын айтты. Тасма жаратуу учурунда мугалим окуучуларга жардам берген жок, болгону шарттарын гана түшүндүрүп берди. Мисалы, тасманын аягындагы титрге кайсы окуучу режиссерлук, кайсы окуучу операторлук ж.б. кызматтарды аткаргандарын жазуу керек деген сыяктуу түшүндүрмөлөр. Ал эми тартуудан баштап тасманы курамага (монтаж) чейинки бүтүндөй процессти окуучулар өздөрү басып өтүштү. Дал ушул процессте окуучуларда коммуникативдик көндүмдөр ишке ашып жатты десек болот. Себеби топто иштөөдө сөзсүз түрдө бирин-бири уга билүү, баарлашуу, топтук иш сыяктуу коммуникациянын майда элементтери болду. Жыйынтыктай келгенде, кошумча тасма көрүү тапшырмасын адабият сабагы менен комбинациялоо 7-класстын окуучуларынын коммуникативдик көндүмүн калыптандырууда оң натыйжасын берди десек болот.

**2-мисал:** 6-класстарга кыргыз тилинин грамматикасын окутууда ролдук оюндар аркылуу комбинациялоону колдондук. Арасынан бир мисалды келтирели:

Эскертме: Барак ар бир окуучуга берилет. Бош сызыкка окуучу өзүнүн аты-жөнүн жазат.

**Кыргыз тили, 6-класс**

**Тема: Күчөтмө даражадагы сын атооч**

**Мугалим: Токтобекова Айгерим**

**Окуучу: ______________________________**

**Минимализм**. Минимализм – абдан жөнөкөй, бирок өтө маанилүү жашоо образы. Минимализм - бул ашыкча көп нерседен арылып, эң керектүү гана буюмдарды колдонуу дегенди билдирет. Айрым адамдардын бөлмөсү өтө эле башаламан, столу жапжашыл китептерге толо, текчелери апаппак эмес, чаң болуп калат. Мындай жерде окуу кээде абдан кыйын болот. Ал эми минимализмди карманган адамдын бөлмөсү таптаза, столу жапжаңыдай иреттүү, көрүнүшү жарык болот. Андай жерде отуруп сабак окуу абдан жеңил.

Минимализм – бул өтө акылдуу тандоо. “Бул мага чын эле аябай керекпи?” деген суроону берүү менен биз ашыкча буюмдарыбыздан арыла алабыз.

**1-тапшырма.** Тексттен күчөтмө сын атоочторду таап, жумушчу дептериңерге көчүрүп жазгыла!

**2-тапшырма.** Төмөнкү сүйлөмдөгү каталарды оңдоп, жумушчу дептериңерге жазгыла!

- Менин бөлмөм таза таза.
- Бул абдан абдан кооз.
- Мен өтө жакшы жакшы окуйм.
- Стол жап жарык.

**3-тапшырма.** Минимализм – бул абдан пайдалуу жашоо образыбы же өтө эле чектөөбү?

**4-тапшырма.** Эмне үчүн өтө көп буюм адамды чарчатат деп ойлойсуң?

**“Башаламанбы же таптазабы?”**



**1-тапшырма:**

Эки бөлмөнү салыштырып, 4 сүйлөм жазгыла. Keминде 4 күчөтмө сын атооч колдонгула!

______________________________________________________________________________

**2-тапшырма:**

Кайсы бөлмөдө адам өзүн абдан жакшы сезет? Эмне үчүн?

______________________________________________________________________________

**“Ашыкча буюмдарды сотто!” (ролдук оюн)**

**Сценарий:** “Ашыкча буюмдар” сотко чакырылды.

Бир окуучу – сот (кызыл түс)

Калган окуучулар – буюмдар:

- Тытылган китеп (сары түс)
- Ашыкча кийим (жашыл түс)
- Бузук телефон (көк түс)
- Уктоочу керебет (күрөң түс)

Топтогу ар бир буюм “мен абдан пайдалуумун” же “мен өтө керектүүмүн” деп күчтүү далил, аргументтерин келтирип, бир бөлмөдө калуу үчүн өзүн-өзү коргошу керек. Өзүн коргоп жатканда күчөтмө сын атоочторду колдонуп, тийиштүү аргументтерди келтирип сүйлөшү кажет. Ал эми сот аягында бир гана буюмду бөлмөдө калтырганга укуктуу. Буюмдар тандалып алынган соң кийинки кезек соттордо болот. Алар

өз ара бир бөлмөгө бир буюмду калтыруу үчүн өздөрүнүн буюмдарын коргойт. Буюмдарын коргоп жатканда, күчөтмө сын атоочторду колдонуп, аргументтерди келтирип сүйлөшү зарыл. Жүйөлүү далилдерди келтирген сотко аудиториядагы (бөлмөгө тандалбай калган башка буюмдар) окуучулар бир гана жолу колун көтөрүп упай бере алат. Соңунда бөлмөдө көп упай чогулткан бир гана соттун бир гана буюму калат дагы ошол сот жана буюм жеңүүчү деп табылат.

**Баалоо.**

- Сүйлөмдүн ырааттуулугу
- Ойдун тактыгы
- Эмоциянын туура жеткирилиши
- Күчөтмө сын атоочтун колдонулушу

1-5 балл менен бааланат.

Бул ыкмада окуучулар грамматиканы үйрөнүү менен катар коммуникативдик көндүмдөрдү дагы чогуу ала кетишти. Айрыкча сабактын акыркы пунктундагы "ашыкча буюмдарды сотто" аталышындагы дебат түрүндөгү ролдук оюн окуучулардагы кептик корду түптөөгө, сынчыл ой жүгүртүүгө, өз ойлорун аргументтөөгө түртκү берди. Бирок класстагы жалпы окуучулар активдүү катышып, сабак 100 пайыз максатына жетти деп айтуудан алыспыз. Себеби кээ бир окуучулардын (класстын болжолдуу 40 пайызы) баарлашууда туура далил жана аргумент келтирүүсү кыйынчылыкка туруп жатты. Жыйынтыктай келгенде, эгер ушул сыяктуу тапшырмалар окуучуларга байма-бай берилип турса, анда коммуникативдик көндүмдөрү бара-бара өнүгө турганы көрүндү.

**3-мисал:** 5-класстарда кыргыз адабияты сабагынан ата-эне, мугалим жана окуучулар биргелешкен "Үч тараптуу окуу өнөктөштүгү" (Triadic Reading Partnership) ыкмасы колдонулду. Бул ыкма аркылуу китеп белекке берүү, алуу жана китеп окуу маданиятын жайылтуу максат кылынган.

Кыргыз адабияты сабагынан "класстан тышкаркы окуунун" алкагында ата-энелер менен биргелешип окуучуларга балдар адабиятына арналган британиялык жазуучу Ханна Голддун "Акыркы аюу" аттуу китеби сатылып берилди жана аны окуучулар окуп чыгышты.

Ар бир окуучуну жана ата-энени сурамжылоонун натыйжасы көрсөткөндөй, 5-класстын окуучулары биринчи жолу китеп белекке алышты жана ата-энелери дагы окуучуларга биринчи жолу китеп белекке сатып беришти.

Башында окуучуларга Жаңы жылга карата таттуу белекке берүү маселеси көтөрүлгөн. Анан биз таттуу эмес, китеп сатып берүүлөрүн сунуштадык. Албетте, бул сунушка бардык эле ата-эне көнө бербейт деген күмөн бар эле. Бул боюнча окуучуларга предметтик китептерден тышкаркы китептерди дагы окутуу керектигинин маанисин ата-энелерге кеңири түшүндүрүп бердик.

Буга чейин көркөм жанрдагы чыгармаларды бир гана кыргыз адабияты сабагынан окуп көрүшкөн окуучуларга бул "Акыркы аюу" китеби таң каларлык жана кызыгууну жараткан сезимди пайда кылды. Бир китептин ичинде бир эле чыгарма камтылганына жана ал чыгарманын көлөмү эки жүз беттен ашканына окуучулар таң калгандарын жашырышкан жок. Буга ошол кездеги окуучуларды видеого түшүрүп алган учурлар далил болот.

Кийинки кадам катары китепти окуучулар эле эмес, алардын ата-энелери менен биргелешип окуу тапшырмасы берилди. Максат – окуучу менен ата-эне ортосундагы билим көпүрөсүн пайда кылуу аркылуу окуучулардын коммуникативдик көндүмдөрүн калыптандыруу эле. Мисалы, ата-эне китепти окуп берсе, окуучу угат же тескерисинче, окуучу ата-энесине үйдөн китепти окуп берет.

Китеп жалпы 250 ашык беттен тургандыктан, аны окуп бүтүү үчүн окуучуларга 1 ай убакыт берилди. Окуучулар жалпы алганда китепти бир жарым ай аралыгында окуп бүтүштү. Ал эми ата-энелерден төртөөсү бул процесске аягына чейин аралашып окуганын билдик. 5-класста жалпы 11 окуучунун ичинен 9 окуучу китепти толук окуп чыкты. Ал эми 2 окуучу жарым-жартылай окуганын же таптакыр окуган эмес. Китеп окулуп бүткөндөн кийин 5-класс менен биргеликте китепти талкуулоо үчүн тегерек стол уюштурдук. Окуучулар китептен алган таасирлерин айтып беришти жана 2 топко бөлүнүп алып чыгарма боюнча презентацияларды жасашты. Жыйынтыгында ата-эне, мугалим жана окуучулар менен биргелешкен жаңы ыкманы сыноо аркылуу окуучуларда коммуникативдик көндүмдөрүн калыптандыруучу элементтер апробацияланды.

*Корутунду.* Колдонулган ыкмалардын натыйжасында бара-бара активдүү окуучулар менен пассивдүү окуучулар бири-бирине сиңип кеткени байкалды. Тагыраагы, сүйлөбөй жаткан окуучулар активдүү окуучуларга аралашып баштады. Пассивдүү окуучулар өз ойлорун эркин айтууга үйрөнө башташты. Бул жерден эскерте кете турчу жагдай, активдүү окуучулар дагы биз колдонгон ыкмаларга чейин эле өздөрүнүн пикирин оозеки жана жазуу түрүндө билдирүүдө абдан мыкты эле деп айтуудан алыспыз. Болгону аларда тартынуу жана уялуу сезими жок болчу. Бара-бара колдонулган ыкмалардын негизинде активдүү окуучулар дагы аргумент, далил менен сүйлөп, жазып, өз ойлорун ырааттуу сүйлөм кылып түзө башташты. Демек, биз кайсы бир чекитке чейин пассивдүү окуучулардын сүйлөө көндүмүн акырындан калыптандырсак, кийинки чекитте жалпы окуучулардын активдүү болобу, же пассивдүү болобу баардыгынын туура, ырааттуу сүйлөм

DOI:10.34855/elagartuu2026.4-5

куруусуна жана пикирлерин аргумент, далилдер менен бекемдөөсүнө карата жардам берген ыкмаларды колдонуп көрдүк.

Биз колдонгон ыкмалар терс натыйжаны да, оң натыйжаны да берип жатты. Бирок, А чекитинен Б чекитине чейин ар бир окуучуда кичинеден болсо дагы коммуникативдик көндүмдөрү калыптанууда жылыштар байкалды. Мектеп окуучуларынын коммуникативдик көндүмдөрүн калыптандырууга багытталган ыкмалардын таасирин анализдөө боюнча иликтөөлөр төмөнкү жыйынтыктарды чыгарууга негиз салды.

Окумуштуу-педагог Сулайман Рысбаев белгилегендей, сабак өздөштүрүүдө сөз, сүйлөм, грамматикалык каражаттар, окуучунун өз алдынча ой-пикирин билдире алуусунун зарыл каражаттары болушу керек. Ал эми сабактын негизги мазмунунда баланын көз караш, турмуш, ой жоруусу жана аларга мүнөздүү иш-аракеттер боюнча маалыматтар болуусу кажет [4, 6-б.]. Демек, окуучуга тилдин күчү менен кургак теорияны жаттатуу мугалим күткөн жыйынтыкты берберин практика дагы далилдегендей, мугалим сабакты турмуштук негизге байланыштыруу менен тилди курал катары колдонуп окуучулардын коммуникативдик көндүмдөрүн ачууга тийиш.

Предметтик стандарттарга таянуу менен айтканда, кыргыз тили жана адабияты предметин окутууда педагог фасилитатор катары окуучуларга багыт гана берип турушу абзел. Ошондо гана окуучуларда өз ара бири-бири менен кызматташуу жүрөт жана ал аркылуу коммуникативдик (окуу, угуу, сүйлөө, жазуу) көндүмдөрү калыптанат. Коммуникативдик көндүмдөрдү калыптандырууда салттуу ыкма, тагыраагы – грамматиканы жаттатуу жана жаздыруу оң натыйжасын бербейт. Ал үчүн грамматикага комбинацияланган ролдук, сахна оюндары; дебат жана стандарттан тышкаркы сабактардын ыкмалары байма-бай өтүлүп турушу сунушталат. Бул ыкмаларды колдонуу аркылуу окуучуларда Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартында белгиленген: компетенттүүлүктөрү комплекстүү түрдө калыптанат [8, 13-б.].




***Адабияттар:***

1. Токтобекова А. О. Мектеп окуучуларынын коммуникативдик көндүмдөрүн журналистика ыкмалары аркылуу өнүктүрүү: туруктуу өнүгүү жана жергиликтүү экологиялык маселелерди чагылдыруу (7-класстын мисалында) / Токтобекова А. О. // Коммуникации устойчивого развития: зеленая экономика и социальная ответсвенность: сборник статей Международной студенческой научно-практической конференции. – Бишкек, 2026. – С. 7-13
2. Калдыбаев С. К. Окуучулардын социалдык-коммуникативдик компетенттүүлүктөрү түшүнүгүнүн ролу жана мааниси / Калдыбаев С. К., Омурзакова Ч. Ш., Рахманова К. // Известия КАО. – Бишкек, 2016. – №3(39). – С. 9-15.
3. Mücahit Dursun, Öğretmen Adaylarının İletişim Becerileri ve Empati Düzeyleri Arasındaki İlişki / Mücahit Dursun // Herkes için Spor ve Rekreasyon Dergisi. – Ankara, 2024. – №6(3). – S. 229-236.
4. Рысбаев С. К. Кыргыз тилин экинчи тил катары окутуунун теориялык жана практикалык маселелери. 3-китеп / Рысбаев С. К. – Бишкек: 2014. – 312 б.
5. Окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн мектептердин 1-6-класстары үчүн “Кыргыз тили жана окуу” боюнча предметтик стандарты. – Бишкек: Кыргыз билим берүү академиясы, 2025. – 21 б.
6. Окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн мектептердин 7-12 - класстары үчүн “Кыргыз адабияты” боюнча предметтик стандарты. – Бишкек: Кыргыз билим берүү академиясы, 2025. – 28 б.
7. Окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн мектептердин 7-12-класстары үчүн “Кыргыз тили” боюнча предметтик стандарты. – Бишкек: Кыргыз билим берүү академиясы, 2025. – 24 б.
8. Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарты. – Бишкек: Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги, 2025. – 13 б.